Oş Devlet Üniversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
30. Sayı 2021

Ош мамлекеттик университети
теология факультетинин илимий журналы
30-саны 2021

# Несторианизм жана анын Орто Азияга келүүсү

**Өскөнбай Зууридинов***

**Аннотация**

Бул макалада несторианизмдин пайда болуусу жана таралуусу, ошондой эле Орто Азияга, анын ичинен азыркы Кыргызстандын аймагына келүүсүнөн сөз кылдык. Өзгөчө несторианизм менен учурдагы Кыргызстандын аймагында катталган христиандык агымдарды аралаштырбоо керектигине басым жасадык. Аны менен бирге несторианизмдин кыргыз адабиятындагы издерине токтолдук.

**Ачкыч сөздөр**: Несторий, несторианизм, христиан, тарса, аркаун, кызылбаш.

## Nestorianism and its Arrival to Central Asia

**Abstract**

We wrote in this article arising ans spreading of nestorianism, alsoin Central Asia, espacially coming to modern territory in Kyrgyzstan. However, we laied emphasis on do not lump nestorianism with other christianity movements which registered in territory of Kyrgyzstan at the moment. At the same time we dwelled on tracks of nestorianism in Kyrgyz litareture.

**Key words**: Nestorius, nestorianism, christian: tarsaq, arkon, kyzyl bash.

## Киришүү

*Орто Азия тарыхта көчмөндөрдүн мекенине айланган аймак болуп саналат. Орто Азиянын географиялык абалы көчмөндүк жашоо үчүн ыңгайлуу болсо, отурукташкан перс тектүү элдер үчүн жер иштетүү жана соодага ыңгайлуу болгон. Орто Азиядагы түрк элдери өздөрүнүн ишенимдерине басым жасоо менен бирге башка диндерге кысым көрсөтпөгөнү айтылат. Анткени, түрк элдеринин дин түшүнүктөрүндө бир гана өздөрүнүн динин жаюу жана башка диндерге тоскоолдук кылуу деген эреже болгон эмес. Аймакта перстердин таасири орундуу болгондуктан көчмөн элдерге перстердин колдоосу менен христианчылыктын несторианизм агымы жетип келген. Орто азиялыктар христиандарды персче "тарса" деп аташкан. Бул деле орто азиялыктардын христиандарды перстер аркылуу*

* Окутуучу, ОшМУ, теология факультети, ozuuridinov@oshsu.kg

*таанышканынан кабар берет. Биз макалада несториан христиандардын пайда болуусу менен Орто Азияга келүү тарыхынан жана алардын башка христиандардан айырмачылыктарынан сөз кылдык.*

Иисус Христос иудейлердин арасында төрөлгөн жана иудаизмдин эрежелеринин негизинде чоңойгон.[1] Иисус Христостун он эки апостолу жана тарапкерлери иудейлерден болгон. Библиядагы маалыматтарга таяна турган болсок, Иисус иудейлер үчүн келгенин айтып[2], апостолдорун бир гана иудейлерди динге чакырууга жана жат элге барбоого үндөгөн.[3] Кала берсе Иисус өзү синагогаларга барып, иудейлердин ыйык китеби Тораны чечмелеп берген.[4] Иисус Муса пайгамбардын мыйзамдарын өзгөртүү үчүн келбегенин айткан.[5] Христиан деген аталыш "майланган" деген мааниге келген ивритче "машиах" деген сөздү грекчеге которгондо келип чыккан.[6]

Куранда христиандар "насаара" деп аталат. Анын назареттик деген мааниси болгондой эле Иисустун тарапкерлерин динди бекем карманган, динге өзүн арнаган иудейлердин насура деген агымына окшотуудан улам келип чыккан деген көз караштар бар.[7] Перстер христаиндарды "кудайдан корккон" деген мааниде "тарсак" дешкен.[8] Перстер тарсак деп атаган христиандар несториандар болгон. Несториандар Монгол империясынын тушунда да персче "тарса", түркий "эркегүн" жана сефевиддер доорунда "кызылбаш тарса" деп аталышкан.[9] Эркегүн/Аркаун кытай булактарында "йеликевен/йеликиао" деп жазылган жана христиандар үчүн колдонулган.[10] Эркегүн/эркеун деген сөздүн "еликэвень" окулушун

[1] Библия. Лука. 2/21-24.

[2] Библия. Матфей. 15/21-24.

[3] Библия. Матфей. 10/5-6.

[4] Библия. Лука. 4/16-21.

[5] Библия. Матфей. 5/17.

[6] Kürşat Demirci. Hıristiyanlık. /DİA. 17-т. –İstanbul: TDV, 1998. -328-б.

[7] Караңыз: Şinasi Gündüz. Kur'an'ın Nasara Terimine Etimolojik ve Tarihsel Yaklaşım. //Tezkire. №9-10. 1996. -171-189- бб.

[8] Samuel N. C. Lieu. Epigraphica Nestoriana Serica. //Exegisti Monumenta: Festschrift in Honour of Nicholas Sims-Williams (IRANICA 17). Red. Werner Sundermann, Almut Hintze, François de Blois. –Wiesbaden: Harrassowitz Verlag, 2009. -242-б.

[9] Ünver Günay-Harun Güngör. Başlangıçtan Günümüze Türklerin Dini Tarihi. –İstanbul: Rağbet, 2007. -205-б.

[10] Takao Moriyasu. The Discovery Manichaean Paintings in Japan and Their Historical Background. /"In Search of Truth": Augustine, Manichaeism and other Gnosticism (Hag Hammadi and Manichaean

негиз алын, анын "евангелия/ewangelion" деген сөздүн туура эмес айтылышынан улам келип чыкканын айткандар бар.[11] Гильем де Рубрук (1220-1293) Алмалык шаарынан өткөн кезде жергиликтүүлөр тарабынан несториандардын "органа", же "аргон" деп аталганын айтса, кытайлык жазуучулардын да ушундай аташканын Марко Поло тастыктаган.[12] Бирок, Марр Юань династиясынын тарыхы деген китепке шилтеме берип, эркеунду кашанын ичинде "еликэвень" деп бергенине караганда[13], органа/аргон менен аркаун/эркеун бир эле сөздүн түрдүү айтылышы болуп калат. Ташка чегилген "аркаун Саргис…" деген дуба сөздү Марр "ата Саргис…" деп которгонун эске алганыбызда, анын диндеги даража экенин айтуу мүмкүн.[14] Аркаун ассирий тилиндеги падыша деген мааниге келген "мелкайо" деген сөздүн армян тилине "аркаун" же "аркайун" түрүндө өтүп, монголдор алгач несториандарды "аркаун" деп аташса, кийинчерээк бардык христиандар үчүн колдоно башташкан делет.[15] Ал эми Марр аркаун деген аталыштын келип чыгуусун халкедонит деп да аталган мелькиттер менен байланышта караган. 451-жылы өткөн Халкедон курултайын жактагандар каршылаштары тарабынан падышачылдар деген мааниде мелькиттер деп аталган. Антихалкедон катары армяндар аларды өз тилдеринде падышачылдар деген мааниде аркаун дешкен. Ал эми монголдордо бул сөз христиан деген маанини пайда кылган.[16] Анда Маррдын "аркаун Саргисти" "ата Саргис" деп которгонун биз халкедонит, же болбосо мелькит Саргис деп түшүнгөнүбүз оң.

---

Studies): Studies for Johannes Van Oort an Sixty. Edit. Jacob Albert van den Berg et al. Volume 74. – Leiden: Brill, 2010. -351-352-бб. DOI: https://doi.org/10.1163/ej.9789004189973.i-730.87

[11] Караңыз: https://publications.hse.ru/mirror/pubs/share/folder/3o45zbyroe/direct/145569363 16.03.2020.

[12] Günay-Güngör. -203-204-бб.

[13] Н. Я. Марр. Аркаун, монгольское название христиан в связи с вопросом об армянах-халкедонитах. //Византийский временник. 12-т. Ред. В. Э. Регель. – Санкт-Петербург: Императорский Академии Наук, 1906. – 42-б.

[14] Караңыз: Н. Я. Марр. К Вопросу об "Арк'ауне". //Известия Академии Наук Армянской ССР. №12. 1964. -56-57-бб. http://basss.asj-oa.am/2565/ 16.03.2020.

[15] Караңыз: Записки Восточного отделения Императорского Русского археологического общества. Под ред. В. Р. Розена. 16-т. –С. Петербург: Типография Императорский Академии Наук, 1906. XXXVIII-XXXIX.

[16] Марр. Аркаун, монгольское название христиан в связи с вопросом об армянах-халкедонитах. – 62-68-бб.

Несторианизм деген аталыш VI кылымдан XIX кылымга чейин өздөрү тарабынан да, башкалар тарабынан да айтылып келсе, акыркы доорлордо аталыштарын өзгөртүп, өздөрүн байыркы ассирийлердин урпагы катары ассирий деген аталышты тандап алышкан. Бирок, ассирий деген аталышты бир эле алар эмес, яковиттер, арамей тилинде сүйлөгөн католиктер жана протестанттар да колдонушат.[17] Ал эми башка христиандар аларды Несторий чиркөөсү деп аташса, өздөрү Чыгыш чиркөөсү деген атты колдонушкан.[18] Демек, биз терминдерди адаштырбоо үчүн несторианизм деген аталышты колдонгонубуз дурус.

Несторианизм Несторий тарабынан негизделген жана анын тарапкерлери ээрчиген христиандык агым болуп эсептелет. Несторий 382-жылы Византиянын Коммаген аймагындагы Германикея шаарында төрөлүп, Антиохия теология мектебинде окугандан кийин диний кызматка киришкен. Ал оратор жана аймактагы ересилерге каршы чечкиндүү күрөш алып баргандыгы үчүн таанымал болгон жана 428-жылы император Феодосий II (401-450) тарабынан Константинополдун патриархы болуп дайындалган.[19] Ал кезде Антиохия теология мектеби менен Египеттеги Александрия теология мектебинин ортосунда атаандаштык бар болчу. Эки тараптын теологиялык талаш меселеси күч алганда Рим чиркөөсүнүн папасы Целестин I (422-432) Александрия теология мектебинин өкүлү Кириллди (378-444) колдоого өткөн кезде Несторий жалгызсырап калат. Саясий абалды көзөмөлдөп турган император көпчүлүктү колдогондуктан Несторий кызматтан алынган жана чиркөөдөн четтетилген.[20] 431-жылы Эфес шаарында христиандардын курултайы өткөн кезде Несторий кызматынан алынып, сүргүнгө айдалган[21] жана 451-жылы Египетте өлгөн.[22] Несторий жана анын тарапкерлеринин жолу буулгандан кийин алдуулар менен окуучулары кошуна Сасанид империясына өтүп, Нусайбинде мектеп ачып, өздөрүнүн жаңы

[17] Edward Every. Asurîler. //F. Ü. İ. F. D., Которгон: Sami Kılıç. 10:1. 2005. – 97-б.

[18] Kadir Albayrak. Keldaniler ve Nesturiler. – Ankara: Vadi Yayınları, 1997. – 69-70-бб.

[19] Kadir Albayrak. Nesturilik. /DİA. 33-т. –İstanbul: TDV, 2007. -15-б.

[20] Talha Fortacı. Nesturiliğin Ortaya Çıkış Süreci. //Dilbilimleri Akademik Araştırmalar Dergisi. 18-т. № 2. 2018. -83-86-бб.

[21] Albayrak. Keldaniler ve Nesturiler. – 69-б.

[22] Ekrem Sarıkçıoğlu. Başlangıçtan Günümüze Dinler Tarihi. – Isparta: Fakülte Kitabevi, 2004. – 370-б.

борборун түптөшөт. Ошентип Несторийдин окуусу атактуу теолог Нарсес тарабынан азыркы Иран жана Месопотамия аймагында жайылган. Ошондой эле V кылымдан XIV кылымга чейин Ирак, Иран, Орто Азия, Кытай, Индияга чейинки аймакка жетип барып, XV кылымдан кийин Ирак жана Индиядагы жамааттан башкалары ар кандай себептерден улам жоголуп кетишти.[23]

Несторианизмдин Орто Азиядагы тарыхына келсек, 332-жылы азыркы Түркменстандын Мерв шаарында несториандардын епархиясы болгону айтылат. 718-жылы бул шаардагы түрк кагандын жана элинин несторианизмди кабыл алганы жазылган. Ал каган Тараз шаарында митрополия түзүп, аймакта несторианизмди жайган делет. Саманиддер Тараз шаарын карлуктардан тартып алган кезде шаардагы эң чоң чиркөөнүн дал ошол болгону тууралуу маалымат бар. Ички Азия жана Урал аймагында VII-VIII кылымдарда курулган христаиндарга таандык тарыхий жайлар карлуктар тарабынан курулган[24] болсо, анда карлуктардын несторианизм менен байланышы тыгыз болгон деген натыйжа чыгарсак болот. V кылымдарда Тохаристан, Бухара жана Самарканддан чыккан согдианалыктар Талас менен Чүй аймактарында топ-топ болуп турак-жайларды курушуп, аймакка шаар түшүнүгүн алып келишкен делет.[25] Аймактагы несториандар диний маарекелеринде согд тилин колдонушкан. Орто Азиянын аймактарында согдианалык соодагерлер топ-топ болуп жайгашкандыктан IX-X кылымдарда несториандар Библияны согд тилине которушуп, согд тилинде сүйлөгөн жергиликтүү элге диндерин үйрөтүшкөн.[26] Ошондой эле несториандар ассирий тилинен башка уйгурлардын тилдерин да колдонушкан, кала берсе ассирий тамгалар менен уйгурча жазышкан.[27] Христиан уйгурлардын борбору Турфандын чыгыш тарабындагы Булайык шаарчасы болгон жана жети-суулук христиандардын уйгурлар болгону айтылат.[28]

---

[23] Albayrak. Keldaniler ve Nesturiler. – 69-70-бб.

[24] Günay-Güngör. -200-б.

[25] Н. А. Угрюмова. История формирования и развития городов на территории Кыргызстана (с древности до X-XII вв.). // Вестник КРСУ. 16-т. № 8. 2016. -20-б.

[26] Günay-Güngör. -203-204-бб.

[27] Günay-Güngör. -204-205-бб.

[28] Günay-Güngör. -201-б.

Азыркы Бишкек жана Ысык-Көл жолунда Тарсакент деген шаар болгон. Ал “тарса”-несторий христиан жана “кент”-шаар деген маанилерге келет. Жети-Суу аймагы Невакент жана Кашгар метрополити деген титулга ээ Невакент метрополиясынын карамагына кирген деген маалымат бар.[29] Археологиялык изилдөөлөр азыркы Кыргызстандын аймагына несториандардын VIII кылымда Иран аркылуу келишкенин көрсөтөт.[30] Амир Темурдун доорунда орто азиялык несториандар күчтөрүн жоготуп, мурда көчүп келген Анатолия аймагына кайтышса, XV кылымда Улуг Бектин доорунда орто азиялык несториандар тууралуу сөз кылынбай калган. Алардын айрымдары көчүп кеткен болсо, айрымдары ислам динине өтүшкөн делет.[31]

Несторианизмдин ишенимдери башка христиандардан айырмаланып тургандыктан аларды католик, православ жана протестанттардан өзгөчө бөлүп кароого туура келет. Анткени, несторианизм пайда болгон жана бөлүнгөн кезде католик, православ, протестант чиркөөлөрү өз алдынча калыптана элек болчу.

Несторий окуган Антиохия теология мектеби Библияны түз мааниде комментарийлеген. Ал эми анын атаандашы Александрия теология мектеби Библияны каймана мааниде комментарийлеген. Эки мектептин методологиялык жактан айырмачылыгынан улам ортодо теологиялык талаштар болуп турган. Эки мектеп Иисус Христостун кудайлык маселесинде пикир келишпестиктерге туш келген. Александрия теология мектеби Иисусту бир эле учурда кудай жана адам десе, Антиохия теология мектеби Иисусту кудай жана адам деп, экиге бөлүп караган. Александрия мектебинин пикири боюнча Иисус кудайга толук айланып кеткен болсо, Антиохия мектебинин пикиринде Иисус бир эле учурда кудай да, адам да болгон.[32] Эки мектептин көз карашы эки түрдүү теологиялык ишенимди:

[29] А. С. Бегалиева-Б. Э. Кенешбекова. История Кыргызстана (учебно-методический комплекс). – Бишкек: КЭУ, 2012. -140-б; В. М. Плоских. В поисках раннехристианского монастыря и мощей святого Матфея на Иссык-Куле. //Підводні дослідження: Археологія. Історія. Дайвінг. — 2012. — Вип 4. - 48-б.

[30] Плоских. - 47-б.

[31] Günay-Güngör. -206-б.

[32] Fortacı. -75-б.

Александрия мектеби монофизитизмди,[33] ал эми Антиохия мектеби диофизитизмди пайда кылган.[34]

Несторийдин пикири боюнча Иисус адам катары төрөлүп, денесине логос (кудайдын сөзү) киргенден кийин кудай болгон. Ошондуктан Несторий “Иисустун энеси Марьямды теотокос (кудайдын энеси) деп айтууга болбойт жана болгону христотокос (Иисустун энеси) деп айтууга болот” деген. Несторийдин пикирлери Никея курултайынын чечимине дал келген эмес жана ошондой эле Иисустун кудайлыгына залакасын тийгизет деген таризде жоромолдонгон.[35]

Несторианизм Иисус Христостун эки табияты болгонуна ишендирет: Иисустун адамдык табияты жана Иисустун кудайлык табияты. Бул Иисусту адам да, кудай да болгон дегенди түшүндүрөт. Ошондуктан несторианизмди диофизиттик көз карашты, тагыраагы эки табияттуу көз карашты карманат дешет. Ал эми Иисусту төрөгөн Марьямды кудай Иисустун эмес, адам Иисустун апасы деп, Марьямды кудайды төрөгөн деген маанидеги теотокоско каршы чыгышып, Христотокос, же болбосо Христосту төрөгөн деп айтышат. Көпчүлүк христиан тарабынан айтылып жүргөн “асыл күнөө” ишенимин четке кагышат жана икона, сүрөт, айкелдерди колдонушпайт.[36] Несторианизмдеги икона, айкелдердин жоктугу алардын мусулмандар менен болгон мамилесине тассир бергени айтылат.[37] Несториандардын мусулмандар менен байланышы Мухаммед пайгамбардын дооруна барып такалат. Сасаниддер Йеменди басып алган кезде ал жердеги несториандарды башка ишенимдеги христиандардан коргоп, несториандардын өнүгүүсүнө салым кошушкан. Анын натыйжасында Йемендин аймагында несторианизм жайылган болчу.[38] Мухаммед пайгамбар 631-жылы Йемендин Нажран шаарындагы несториандарга кат жолдогон кезде, нажрандык несториандар 60 адамдан турган делегацияны Мединага жөнөтүшөт.

[33] Şinasi Gündüz. Din ve İnanç Sözlüğü. –Vadi Yayınları, 1998. -266-б.

[34] Gündüz. Din ve İnanç Sözlüğü. -98-б.

[35] Кенен маалымат үчүн: Ахмет Хикмет Эроглу. Христианчылыктын бөлүнүү процессине жалпы көз жүгүртүү. //Теология факультетинин илимий журналы. Которгон: Өскөнбай Зууридинов. 26-саны. 2019. -107-108-бб.

[36] Albayrak. Keldaniler ve Nesturiler. – 79-80-бб.

[37] Every. – 101-б.

[38] Zekiye Sönmez. Necran’da Hıristiyanlık ve Hz. Muhammed’in Necran Hıristiyan Din Adamlarıyla Münasebetleri. //U. Ü. İ. F. D., 26/2. 2017. – 131-б.

Натыйжада эки тараптуу келишим түзүлөт жана аларга дин эркиндиги берилет. Мухаммед пайгамбардын көзү өткөндөн кийин нажрандык несториандар халифа Абу Бакр менен келишимди узартышат. Ал эми халифа Умардын доорунда аз бөлүгү Нажран шаарында калса, көпчүлүгү Ирактын аймагына көчүрүлгөн.[39] Изилдөөчүлөр Орто Азияда несторианизмдин жогорку темпте жайылуусу аймактын мусулмандар тарабынан колго киритилгенден кийин ишке ашканын айтышат.[40]

Несторианизмде патриархтар епископтор тарабынан шайланып келсе, 1552-жылдан кийин бул жөрөлгө үй-бүлөлүк мураска айланып кеткен. Патриарх Мар Шимун IV Басиди (1437-1477) бийликти өзүнүн үй-бүлөсүнө калтыргандан баштап епископтор да үй-бүлөлүк мураска өтүшкөн. Алар үйлөнө албагандыктан бийлик мурасты бир туугандарынын балдарына калтырышат.[41] Мунун натыйжасында несториандардын бир бөлүгү католиктерге кошулуп, халдей деген аталышты алышкан.[42]

Манас эпосунда несторий христиандар тарса деп аталат жана алардын “тарса дин”[43] деген диндеринен сөз кылынат. Алгач тарсанын кимдер менен катарлаш айтылганына көз салып көрсөк: жөөт, тарса[44], сакалат, тарса[45], жөөт, кызылбаш, тарса, сакалат[46], жөөт, тарса, сакалат[47], кызылбаш, тарса[48], тарса, ынды.[49] Булар эпосто мусулман эмес коомдор катары сүрөттөлөт жана биз аларды өз алдынча диндери бар коом катары түшүнсөк болот. Ташкент шаарынан сөз кылынганда, ал жерде кызылбаш, жөөт, тарсалардын да жашаганы айтылат.[50] Жөөт менен тарсанын катарлаш айтылуусу мусулман эл үчүн жөөт менен христиандар башынан бери таанымал коом болгонун эске салат. Ал

[39] Mustafa Bilge. Necran. /DİA. 32-т. – Ankara: TDV, 2006. – 508-б.
[40] Günay-Güngör. -201-б.
[41] Albayrak. Keldaniler ve Nesturiler. – 83-84-бб.
[42] Кенен маалымат үчүн караңыз: Albayrak. Keldaniler ve Nesturiler. – 105-109-бб.
[43] Сагымбай Орозбаков. Манас. – Бишкек: Хан-Теңир, 2010. – 882-б.
[44] Орозбаков. Манас. – 243, 667, 672, 788, 816, 859, 1091, 1165, 1520, 1537, 1580, 1630, 1662-бб.
[45] Орозбаков. Манас. – 584, 808, 1050-б.
[46] Орозбаков. Манас. – 623, 1046-б.
[47] Орозбаков. Манас. – 1083, 1123, 1345, 1576-б.
[48] Орозбаков. Манас. – 650, 800, 1202, 1292, 1484-б.
[49] Орозбаков. Манас. – 857-б.
[50] Орозбаков. Манас. – 747-б.

эми эпосто “кызыл баш, тарса” деген сөздөрдүн катарлаш айтылганынын себебин сефевиддердин тарыхынан издегенибиз дурус.

Тарсалардын Шорук аттуу кандары болгонуна караганда[51] аларды өзүнчө эл катары кабыл алууга болот жана тарсалар өзүнчө коом катары сүрөттөлөт.[52] Алайда кыргыздар менен тарсалар салгылашканда кызыл кан аккандыктан Кызылдын-Бели деген аталыш келип чыкканы айтылат.[53] Тажиктер менен тарсанын катарлаш айтылуусун[54] биз жогоруда сөз кылган перстердин тарсаларды колдоосу тууралуу эпосто да кандайдыр түшүнүктөр камтылганын жоромолдосок болот. Кала берсе, орус падышачылыгынын таасири пайда болгондон кийин Манас эпосунда орустар тууралуу учкай сөз кылынганын көрсөк болот. Бирок, анда да тарса менен орусту өз алдынча бөлүп айтканы, чындыгында, тарсанын мурдатан бери калыптанып калган термин экенинен кабар берет.[55]

**Корутунду**

Несторий диофизитизмди жактагандыктан 431-жылы Эфес курултайында чиркөөдөн, же болбосо негизги агымдан четтетилген болчу. Анткени, ошол жылы монофизитизм ишеними бекемделген. Ал эми 451-жылы монофизитизм четке кагылып, кайрадан диофизитизм кабыл алынган кезде азыркы копти, яковит, армян чиркөөсү негизги агымдан бөлүнүп кетишкен. Негизги чиркөө дегенден максат, ошо кезде императордун колдоосун алган тараптарды айткыбыз келди. Алар учурдагы католик жана православ чиркөөлөрүн пайда кылышты. Бирок, католик менен православ чиркөөлөрү диофизитизмди жактаганы менен алар несторианизмди эчак эле бөлүп салышкан болчу. Несторианизм алардан алда канча кылым мурда калыптанып, өз жолун таап алган болчу.

Несторианизм Орто Азияга перстердин колдоосу менен келгени анык. Анткени, бул аймакта тарса деп аталган жана ал аталышты

[51] Орозбаков. Манас. – 872, 875-бб.
[52] Орозбаков. Манас. – 869-б.
[53] Орозбаков. Манас. – 868-б.
[54] Орозбаков. Манас. – 874, 875, 882, 886, 1477-б.
[55] Орозбаков. Манас. – 1397-б.

перстер ыйгарган. Анын саясий жагына макалада токтолуп кеттик. Ошондой эле несторианизм монголдор тарабынан да колдоого алынганын байкасак болот. Бирок, монголдор несториандарды аркаун деп атап, бул монголдордун христиандарды армяндар аркылуу тааныганынан кабар берет.

Несторианизм диофизитизмди карманса, армян чиркөөсү монофизитизмди карманат. Аркаун деген аталыштын дал ошол айырмачылыктан улам келип чыкканына күбө болдук. Армяндар негедир несториандарды да падышачылдар деген мааниде аркаун дегенин көрдүк. Бул балким несториандардын диофизитизмди карманышканы менен байланыштуудур. Аткени, падышачылдар деп аталган мелькиттер да диофизитизмди карманышат.

**Колдонулган адабияттар**


Albayrak, Kadir. Keldaniler ve Nesturiler. – Ankara: Vadi Yayınları, 1997.

-----------, ------. Nesturilik /DİA. 33-т. –İstanbul: TDV, 2007. -15-17-бб.

Bilge, Mustafa. “Necran”. /DİA. 32-т. – Ankara: TDV, 2006. – 507-508-бб.

Demirci, Kürşat. Hıristiyanlık /DİA. 17-т. –İstanbul: TDV, 1998. -328-340-бб.

Every, Edward. Asurîler. Которгон: Sami Kılıç. //F. Ü. İ. F. D., 10:1. 2005. – 97-106-бб.

Fortacı, Talha. Nesturiliğin Ortaya Çıkış Süreci. //Dilbilimleri Akademik Araştırmalar Dergisi. 18-т. № 2. 2018. -63-99-бб.

Günay, Ünver – Güngör, Harun. Başlangıçtan Günümüze Türklerin Dini Tarihi. –İstanbul: Rağbet, 2007.

Gündüz, Şinasi. Din ve İnanç Sözlüğü. –Vadi Yayınları, 1998.

----------, -------. Kur’an’ın Nasara Terimine Etimolojik ve Tarihsel Yaklaşım //Tezkire. №9-10. 1996. -171-189- бб.

https://publications.hse.ru/mirror/pubs/share/folder/3o45zbyroe/direct/145569363 16.03.2020.

Lieu, Samuel N. C. Epigraphica Nestoriana Serica //Exegisti Monumenta: Festschrift in Honour of Nicholas Sims-Williams (IRANICA 17). Red. Werner Sundermann, Almut Hintze, François de Blois. –Wiesbaden: Harrassowitz Verlag, 2009. -227-246-бб.

Moriyasu, Takao. The Discovery Manichaean Paintings in Japan and Their Historical Background. /“In Search of Truth”: Augustine, Manichaeism and other Gnosticism (Hag Hammadi and Manichaean Studies): Studies

for Johannes Van Oort an Sixty. Edit. Jacob Albert van den Berg et al. Volume 74. –Leiden: Brill, 2010. -339-360-бб. DOI: https://doi.org/10.1163/ej.9789004189973.i-730.87

Sarıkçıoğlu, Ekrem. Başlangıçtan Günümüze Dinler Tarihi. – Isparta: Fakülte Kitabevi, 2004.

Sönmez, Zekiye. “Necran’da Hıristiyanlık ve Hz. Muhammed’in Necran Hıristiyan Din Adamlarıyla Münasebetleri”. //U. Ü. İ. F. D., 26/2. 2017. –117-147-бб.

Бегалиева, А. С. – Кенешбекова, Б. Э. История Кыргызстана (учебно-методический комплекс). –Бишкек: КЭУ, 2012.

Плоских, В. М.. В поисках раннехристианткого монастыря и мощей святого Матфея на Иссык-Куле. //Підводні дослідження: Археологія. Історія. Дайвінг. — 2012. — Вип 4. -46-61-бб.

Библия.

Записки Восточного отделения Императорского Русского археологического общества. Под ред. В. Р. Розена. 16-т. –С. Петербург: Типография Императорский Академии Наук, 1906. XXXVIII-XXXIX.

Марр, Н. Я. “Аркаун, монгольское название христиан в связи с вопросом об армянах-халкедонитах” //Византийский временник. 12-т. Ред. В. Э. Регель. – Санкт-Петербург: Императорский Академии Наук, 1906. -1-68-бб.

-------, ------. К Вопросу об “Арк’ауне” //Известия Академии Наук Армянской ССР. №12. 1964. -50-58-бб. http://basss.asj-oa.am/2565/ 16.03.2020.

Орозбаков, Сагымбай. Манас. – Бишкек: Хан-Теңир, 2010. -239-1662-бб.

Угрюмова, Н. А.. История формирования и развития городов на территории Кыргызстана (с древности до X-XII вв.) // Вестник КРСУ. 16-т. № 8. 2016. -19-22-бб.

Эроглу, Ахмет Хикмет. Христианчылыктын бөлүнүү процессине жалпы көз жүгүртүү. //Теология факультетинин илимий журналы. Которгон: Өскөнбай Зууридинов. 26-саны. 2019. -101-127-бб.